Каралды:

Педагогикалык кеңеш

№ 2

«4» 11 2022ж.

"Бекитемин"

Х.Жээнбаев мектеп-лицейинин

директору

Агаев Б.С

20 22ж.

**Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин ичиндеги «Жыл мугалими» конкурсунун жобосу**

## I. Жалпы жобо

1.1 Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин ичинде «Жылдын мыкты мугалими» кароо-сынагы Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жобонун негизинде түзүлдү.

Бул сынак жыл сайын мугалимдик кесиптин кадыр-баркын жогорулатуу, билим берүү уюмунун таланттуу, чыгармачылык менен иштеген мугалимдерин аныктоо, аларды колдоо, ар бир мугалимдин өзүн-өзү жана кесиптик сапаттарын көргөзүүнү камсыздоо негизинде өткөрүлөт.

1.2 Кароо-сынактын уюштуруучусу:

Х.Жээнбаев мектеп-лицейинин администрациясы, усулдук бирикменин жетекчилери

## II. Кароо-сынактын максаттары:

2.1 Таланттуу мугалимдерди аныктоо жана аларды колдоо.

2.2 Мугалимдин социалдык статусун жогорулатуу.

2.3 Мыкты мугалимдердин педагогикалык тажрыйбасын таркатуу.

## III. Кароо-сынакка кимдер катыша алат

3.1 Кароо-сынакка Х.Жээнбаев мектеп-лицейинин 3 жылдан ашык педагогикалык стажы бар бардык мугалимдери катыша алат.

## IV. Уюштуруу комитетинин милдети:

4.1 Сынакты уюштуруу- методикалык жактан камсыз кылуу жана өткөрүү үчүн сынактын уюштуруучулары менен макулдашуу боюнча:

4.1.1 Сынактын төрагасы

4.1.2 Төраганын орун басары

4.1.3 Жооптуу катчы дайындалат .

Сканировано с CamScanner

4.2 Уюштуруу комитети калыстардын курамын түзүп берет.

4.3 Уюштуруу комитети тарабынан "Жыл мугалими" кароо-сынагынын программасы бекитилет.

4.4 Кароо-сынактын өтүшүнө шарт түзүп берет.

4.5 Калыстар тобу уюштуруу комитетинин протоколунун негизинде түзүлөт.

4.6 Кароо-сынактын өтүлө турган күнүн белгилейт.

## V. Сынактын шарттары:

5.1 Сынакка катышуу үчүн талапкерлер уюштуруу комитетине төмөнкү документтер топтомун тапшырууга тийиш.

5.1.1 Сынактын катышуучусунун жеке арызы жана резюмеси.

5.1.2 Катышуучунун сүрөтү (9х12 өлчөмүндө түстүү болушу керек)

5.1.3 Мугалимдин портфолиосу.

5.2 Документтер электрондук түрдө сынак башталганга чейин 20 күндөн кечиктирбестен уюштуруу комитетине берилиши керек.

## VI. Өткөрүү тартиби:

6.1 Мелдеш эки турда өтүп, үч сынактык иш чараны камтыйт.

6.2 1- турда катышуучу 15 мүнөттө педагогикалык тажрыйбасын презентациялап, дагы 15 мүнөттүн ичинде калыстар тобунун суроолоруна жооп берет. Андан кийин 20 мүнөттүк мастер-класс өткөрөт.

6.3 2- турда 40 мүнөттүк сабак өтөт. Өзүн-өзү анализдөөгө беш мүнөт убакыт берилет.

6.4 Сынактык сабактын темасы калыстар тобу тарабынан сынак өткөрүлүп жаткан жалпы билим берүү уюмунун календардык-тематикалык планына ылайык аныкталат.

6.5 Сабактын темасы катышуучуларга сынак башталганга чейин жети календардык күн мурун маалымдалат.

## VII. Жеңүүчүлөрдү аныктоо жана сыйлоо.

7.1 Сынактын эки турунун жыйынтыгы менен жеңүүчү аныкталат.

7.2 Жеңүүчү атайын грамота жана баалуу сыйлыктар менен сыйланат.

7.3 « Жыл мугалими» райондук кароо-сынагына жолдомо берилет.

Сканировано с CamScanner